| | |
|---|---|
| ЖАКТЫРЫЛДЫ | БЕКИТИЛДИ |
| Нарын медициналык колледжинин | Нарын медициналык |
| педагогикалык кеңешинин | колледжинин директорунун |
| чечими менен | № 11 буйругу менен |
| Протокол № 1 | « 30 » август 2017 ж. |
| « 30 » 08 2017 ж. | |

**Нарын медициналык колледжинин кошуундар комиссиясынын жобосу**

1. **Жалпы жобо**

Кошуундар комиссиясы колледждин структуралык бөлүмүнө кирет жана окуу-усулдук иштери боюнча директордун орун басарына баш ийет.

Кошуун комиссиясы колледждин башка кошуундар комиссиясы жана структуралык бөлүмдөрү менен тыгыз байланышта, жылдык мерчемдин негизинде иш алып барат.

Кошуун комиссиясынын иши окуу-тарбиялык иштин сапатын жана окутуучунун квалификациясын жогорулатуу максатын коюп, илимий жана окуу-усулдук иштердин негизинде ишке ашырылат.

Кошуун комиссиясы колледждин Мугалимдер Кеңешинин чечими менен түзүлөт жана жок кылынат.

Кошуун комиссиясы өз ишин учурдагы Кыргыз Республикасынын мыйзамынын; колледждин Уставынын; директордун буйруктары жана тескемелеринин; колледждин мугалимдер кеңешинин чечимдеринин; илимий-усулдук кенештин; азыркы жобонун негизинде жетектейт.

Кошуун комиссиясы тармактык адистерди даярдоого ылайык бир нече туугандык дисциплиналардын окутуучуларын чогултат.

Кошуун комиссиясын окутуучулар курамынан директор дайындаган, 5 жылдан кем эмес стажы бар, кошуундун башчысы жетектейт. Дайындоо мөөнөтү -1 жыл. Директор дайындоо мөөнөтүнөн мурда кошуун жетекчисин кызмат оордунан алууга укуктуу.

2. **Негизги милдеттери**

Кошуун комиссиясынын милдеттери төмөндөгүлөр:

- Окуу, усулдук, илимий-усулдук иштерди тармактык дисциплиналарда уюштуруу жана ишке ашыруу;
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жана эффективдүү технологиялык окуутууларды өздөштүрүү, келечектеги адисти тарбиялоо жана чыгармачылдыгын өнүктүрүү;
- кошуун комиссиясынын окутуучуларынын илимий-методикалык жана тажрыйбалык -эксперименталдык иштерин ишке ашыруу жана бул ишке башка педагогикалык кызматкерлерди жана студенттерди тартуу;

- педагогикалык кызматкерлердин кесиптик компетенциясын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү.

3. **Кызматтары**

Кошуун комиссиясы өзүнүн ишмердүүлүгүн төмөнку багыттарда алып барат: Окутуу, илимий-методикалык, илимий-изилдөө, педагогикалык –уюштуруучулук иштери.

**3.1 Окутуу иштери камтыйт:**

- Орто кесиптик билим берүүдө, ар түрдөгү окутуу сабактарын окутуунун бардык түрүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде өткөрүүнү камсыз кылуу;
- Календардык-тематикалык мерчемдерди жана окутуу дисциплиналарынын программаларын аткарууну камсыз кылуу;
- Студенттердин дисциплина боюнча билимин, аткара билүүсүн, көндүмдөрүн тереңдетүү максатында аудиториядан сырткаркы иштерин жана алардын окуп-билүү активдүүлүгүн жогорулатууну уюштуруу;
- Студенттерге аралык жана жыйынтыктоочу аттестацияларды өткөрүүнү камсыз кылуу;
- Жеке жана тайпалык кеңешмелерди өткөрүү, тажрыйбанын бардык түрү боюнча коюлган жыйынтыктоочу коференцияларды өткөрүүгө катышуу;
- Студенттердин илимий-изилдөө жана чыгармачыл иштерин жетектөө;
- Кесиптик диагностика жүргүзүү.

**3.2 Илимий-методикалык иштери камтыйт:**

- Дисциплиналар боюнча окутуу пландарынын, анын ичинен практиканын бардык түрлөрүнүн программалары боюнча иш программаларына иштелме жана ондоп-түзөтүү киргизүү;
- Окуу пландарынын, лабораториялык (практикалык) иштерди аткаруунун методикалык көрсөтмөлөрүнүн, аудиториядан сырткаркы өз алдынча иштердин иштелмеси;
- Педагогикалык ишмердүүлүктө тажрыйба алмашуу, насаатчылык;
- Кошуун комиссиясынын окутуучуларынын алдыңкы тажрыйбасын окутуу жана жайылтуу;
- Адистик дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстерининин иштелмеси;
- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияларда студенттер үчүн текшерүүчү материалдарды жана программаларды түзүү;
- Сабактарга катышуу жана алардын анализдери;
- Дисциплиналар боюнча ачык сабактарды өткөрүү жана талкуулоо;
- Окутуучулар жана студенттер үчүн китептерди, окуу пособияларды, методикалык иштелмелерди даярдоо жана жазуу; маселе жана көнүгүү, хрестоматия , сөздүктөрдүн топтомдорун түзүү;
- Колледждин билим берүү порталындагы окутуу материалдарын жаңыртуу;
- Кошуун дисциплиналарынын иш программаларын ишке ашыруу үчүн, электрондук библиотеканын курамын калыптандыруу;
- Билим –тарбия берүү процесинде компетенттүү иш алып барууну камсыздоо үчүн. окуу процесине заманбап педагогикалык технологияны, окутуунун ыкмаларын жана түрлөрүн киргизүү;

- Студенттердин билимин, кабинет жана лаборатория иштеринин курамын, окуу методикалык документтерди түзүүнү баалоодо бирдей талапты иштеп чыгуу ж.б.

**3.3 Илимий –изилдөө иштери камтыйт:**

- Кошуун комиссиясынын профилдери боюнча илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Илимий статьяларды, теориялык, тажрыйбалык –эксперименталдык, чыгармачыл – изилдөө иштердин, жыйынтыктарынын отчетторун жазуу;
- Илимий докладдарды даярдоо жана илимий конференцияларда маалымдоо;
- Илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды жана педагогикалык окууларды өткөрүү жана уюштуруу;
- Ар түрдүү денгээлдеги конференцияларга, олимпиадаларга, конкурстарга жана көргөзмөлөргө катышуу.

**3.4 Педагогикалык-уюштуруучулук иштери камтыйт:**

- Кошуун комиссиясынын отурумдарын даярдоо жана өткөрүү;
- Кесиптик багыт берүү иштерин уюштурууга катышуу;
- Кошуун комиссиясынын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатууну пландоо;
- Окутуучуларга курстарды, семинарларды уюштуруу;
- Ар бир иштин отчетторун даярдоо;
- Документтерди алып баруу жана сактоо;
- Заманбап талаптарга ылайык лаборатория жана кабинеттердин иштерин уюштуруу;
- Кошуундун дисциплиналарынын иш программаларын ишке ашыруу үчүн, библиотекалык фонддун курамын көзөмөлдөө жана окуу адабияттарына табыштама берүү;
- Педагогикалык кадрлардын квалификациялык аттестацияларына катышуу;
- Кошуун дисциплиналарынын билим сапатына мониторинг жүргүзүү.